**Айчүрөк Иманалиева — Эр Манастын элинде**

*Сөзү : Шаханов Мухтар*
*Обону : Шаханов Мухтар*

Бабам менен бабаң дос болгон,
Бул туугандык сан миң жылдап коштолгон.
Атам менен атаң дос болгон,
Коштошордо карегине жаш толгон.

Эч кандай күч алалбаган тартып,
Эч бир байлык алалбаган сатып
Сезимдер бар -
Бул не деген бакыт.

Тагдыр бизди бөлбөй,
Элбиз эгиз төлдөй,
Ким бар жакын сендей, боорум.
Улуу кыргыз жери,
Эр Манастын эли,
Кучагыңа ал мени, боорум.

Казак-кыргыз эки көз болсо,
Ал Ала-Тоо ортодогу муруну,
Кандай тагдыр бизге кез болсо,
Сал кылганбыз дайым бирге туруунy.

Кылым кечкен кыйын жолдордо,
Шаттык болуп кайтты бүгүн азабың.
Манас ырын айткан тоолорго
Сыймык менен карай берет казагың.